**2020-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планынын жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 10-июнундагы №06-1/398 буйругунун негизинде, аудитор У.А. Жумагуловдун жетекчилиги астында, мамлекеттик инспектор Б.Ы. Кайымов тарабынан 2020-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- биринчи кол коюу укугу менен, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын төрагасы А.О. Кожошев 2021-жылдын 13-октябрына чейин иштеген, У.К. Сарбанов 2022-жылдын 15-октябрынан тартып 2023-жылдын 18-апрелине чейин иштеген, учурда М.Т. Пирназаров 2023-жылдын 3-майынан тартып иштеп жатат;

- экинчи кол коюу укугу менен, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын башкы эсепчиси К.А. Бакеева 2022-жылдын 22-августуна чейин иштеген, Н.Б. Мамыралиева 2022-жылдын 2-августунан тартып 2023-жылдын 4-июлуна чейин иштеген, учурда К.А. Бакеева 2023-жылдын 11-июлунан тартып иштеп жатат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын төрагасы мамлекеттик каражаттарды тескөө жана мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле текшерүүнүн предмети, документтер, отчеттор, маалыматтар үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудитордук критерийлерге) шайкеш келүүсү боюнча өз алдынча корутунду чыгаруу. Аудит корутундуларды колдоо үчүн, жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу боюнча жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын кесепетинен кетирилген

олуттуу дал келбестиктин тобокелдиктерин баалоону кошо алганда, аудитордун кесипкөй чечимине жараша болот. Биз аткарган аудит жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутунду үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкеш келиши эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн аудит мезгили ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- мурдагы аудиттин жыйынтыктары менен жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышы;
- ишмердүүлүгүн талдоо;
- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнүн жана аткарылышынын негиздүүлүгүнө аудит;
- эмгек акы боюнча чыгымдарга аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- иш сапар чыгымдарына аудит;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит;
- автоунаа каражатын пайдаланууга, лимиттерди сактоого аудит;
- Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча ченемдердин сакталышына аудит;
- отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөргө аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абална аудит.

**Иштерди аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин этикалык стандарттарынын сакталышын жана аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө

салуучу стандарттарга шайкеш келишине негиздүү кепилдик ала тургандай пландаштырылышын жана жүргүзүлүшүн талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит "Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

Операциялардын же финансылык отчеттуулуктун баланстарын бурмалоонун салыштырмалуу тобокелдигин баалоо жана аудит үчүн тандоо максатында, 3-форма чоңдуктун олуттуулугунун чегин эсептөө үчүн колдонулган, ошону менен эле байкалбай, аныкталбай калган тобокелдиктери бар. Ошондой эле, аудит камтыган мезгил аралыкты аудит камтыган предметтерин башка мамлекеттик органдар текшергендигине байланыштуу жана кайталанбаш үчүн каралган жок.

**Аудиттин критерийлери**

Бюджеттин аткарылышынын мыйзамдарга шайкеш келишин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
- "Аудитордук иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Ломбарддардын иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы №661 токтому менен бекитилген, "Банктык эмес финансылык рынок жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө" Убактылуу жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы №56 токтому менен бекитилген, "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 "Мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 4-сентябрындагы № 417 токтому менен бекитилген, “Финансылык рыноктун субъекттери тарабынан отчет (маалымат) берүү жана маалыматты ачыктоо тартиби жөнүндө” Жобо;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндөгү” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 659 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын ишинин маселелери жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө” Жобо;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобо;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобо.

**Аудит жүргүзүлгөн мекеме тууралуу кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы № 38 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы болуп кайрадан түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын (мындан ары – Финкөзөмөл) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын укук улантуучусу болуп саналат.

Финкөзөмөл Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине (мындан ары – Министрлик) караштуу ведомстволук бөлүмдүн статусунда иштеген, банктык эмес финансы рыногун, бухгалтердик эсепке алууну жана финансылык отчеттуулукту көзөмөлдөө жана жөнгө салуу жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Финкөзөмөл өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, Министрликтин чечимдерин жана Жобосун жетекчиликке алат.

Финкөзөмөлдүн толук фирмалык аталышы:

– мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы”;

– расмий тилде: «Служба регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики».

Финкөзөмөлдүн фирмалык кыскартылган аталышы:

– мамлекеттик тилде: “Финкөзөмөл”;

– расмий тилде: «Финнадзор».

Юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 114.

**Финкөзөмөлдүн ишинин максаты**

Финкөзөмөлдүн ишинин максаты мамлекеттин туруктуу экономикалык өсүшү үчүн, банктык эмес финансы рыногун, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасын өнүктүрүү аркылуу инвестициялык

климатты жакшыртуу, ошондой эле банктык эмес финансы рыногунун субъекттеринин кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн жана баалуу кагаздарды кармоочулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

**Финкөзөмөлдүн милдеттери**

Финкөзөмөлдүн милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү, банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасын өнүктүрүүнүн стратегиясын жана артыкчылыктарын аныктоо;

2) банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун, бухгалтердик эсепке алууну жана финансылык отчеттуулукту көзөмөлдөө жана жөнгө салуу маселелери боюнча ченемдик-укуктук базаны иштеп чыгуу;

3) банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасын мамлекеттик жөнгө салуу;

4) Кыргыз Республикасында корпоративдик башкаруу принциптерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

5) дүйнөлүк финансы рыногуна, виртуалдык активдер рыногуна, ошондой эле эл аралык бухгалтердик жана аудитордук коомдоштукка интеграциялоо үчүн шарттарды түзүү;

6) банктык эмес финансы рыногунун, виртуалдык активдер рыногунун субъекттерине алардын иштерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо боюнча белгиленген тартипте көзөмөлдү камсыз кылуу;

7) финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын, аудиттин эл аралык стандарттарын киргизүү үчүн шарттарды камсыз кылуу жана финансылык отчеттуулуктун жана аудиттин эл аралык стандарттарынын талаптарынын сакталышын контролдоо механизмин түзүү;

8) банктык эмес финансы рыногунун, виртуалдык активдер рыногунун финансылык кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укуктарын жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо;

9) банктык эмес финансы рыногу, виртуалдык активдер рыногу жаатында лицензиялоону жүзөгө ашыруу;

10) финансылык отчеттуулуктун Ачык депозитарийин түзүү жана иштетүү үчүн шарттарды камсыз кылуу.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 токтомунун редакциясына ылайык)*

12) Бул Жободогу бухгалтердик эсепке алууну, финансылык отчеттуулукту жана аудитти жөнгө салуу маселелери жеке сектордогу жөнгө салууга кирет.

**Финкөзөмөлдүн функциялары**

Финкөзөмөл төмөнкүдөй функцияларды ишке ашырат:

1) тармактык саясат функциялары:

– банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдердин рыногун өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана ишке ашырат, анын ичинде банктык эмес финансы рыногу, виртуалдык активдер рыногу, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасы жаатындагы тобокелдиктерди башкаруу боюнча саясатты аныктайт;

– финансы рыногунун , виртуалдык активдердин рыногун субъекттери үчүн бухгалтердик эсепке алуу, финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча талаптарды иштеп чыгат;

– банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдердин рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынуучу субъекттер тарабынан алардын иштеринин алкагындагы маалыматтарды ачыкка чыгаруу боюнча талаптарды иштеп чыгат жана алардын аткарылышын контролдойт;

– ачык компаниялардын жана кесипкөй катышуучулардын финансылык отчетторуна аудит жүргүзө турган аудитордук уюмдарга жана жеке аудиторлорго карата коюлуучу талаптарды иштеп чыгат;

– аудитордук иш чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, кесипкөй аудитордук бирикмелердин иштерине коюлуучу талаптарды иштеп чыгат;

– аудитордук иш, аудиттин сапатын тышкы контролдоо, аудиторго кесиптик квалификация ыйгаруу жана аудиторлорго үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү, аудитордун кесиптик квалификациясы жана аудиторлорго үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү программалары боюнча жогорку окуу жайларынын жана кесипкөй аудитордук бирикмелердин окуу программаларын аккредитациялоо чөйрөлөрүндөгү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат;

- виртуалдык активдерди жүгүртүүнү жөнгө салуу чөйрөсүндө бөлүштүрүлгөн реестрлердин технологиясын киргизүүнүн жана өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана башка программаларын иштеп чыгат, аларды ишке ашырууга көмөктөшөт;

2) жөнгө салуу функциялары:

– баалуу кагаздардын чыгарылышын карайт, каттоого алат, чыгарылган баалуу кагаздардын шарттарын жана Кыргыз Республикасынын эмитенттеринин жана чет өлкөлүк эмитенттеринин баалуу кагаздарынын проспектилерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоого алат;

– жөнгө салынуучу субъекттерге карата жазылган арыздарды жана даттанууларды карайт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чараларды көрөт;

– банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банктык эмес финансы рыногунда, виртуалдык активдер рыногунда иш жүргүзүүгө лицензияны жана/же уруксатты берет;

– банктык эмес финансы рыногунун, виртуалдык активдер рыногунун жөнгө салынуучу субъекттеринин кызмат адамдарын дайындоого, банктык эмес финансы рыногунун, виртуалдык активдер рыногунун жөнгө салынуучу субъекттеринин филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн ачылышына байланыштуу уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө макулдук берет;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда лицензиялардын жана/же уруксаттардын колдонулушун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте токтотуп турат, калыбына келтирет, жокко чыгарат;

– Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздарынын бирдиктүү мамлекеттик реестрин жүргүзөт;

–банктык эмес финансы рыногу, виртуалдык активдер рыногу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка функцияларды жүзөгө ашырат;

– аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесипкөй аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестрин жүргүзөт, ошондой эле бирдиктүү мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте берет;

– оюн-зоок бизнесинин, анын ичинде онлайн-казинонун, электрондук (виртуалдык) казинонун бардык субъекттери үчүн оюндун эрежелерине карата минималдуу талаптарды белгилейт, ошондой эле кумар оюндарын жана онлайн кумар оюндарын уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин макулдашат;

- 3) колдоо функциялары:

– банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдердин рыногун, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасын өнүктүрүү жана жөнгө салуу маселелери боюнча чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташууларды жүзөгө ашырат;

– жөнгө салынуучу субъекттердин жана инвесторлордун арасына натыйжалуу жана ачык финансы рыногунун, виртуалдык активдердин рыногунун принциптерин киргизет;

– аудиторго кесиптик квалификация ыйгарат;

– аудитордун кесиптик квалификациясы жана аудиторлорго үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү программалары боюнча жогорку окуу жайларынын жана кесипкөй аудитордук бирикмелердин окуу программаларын аккредитациялайт;

4) координациялоо, контролдоо жана мониторинг жүргүзүү функциялары:

– ишкердик субъекттерди текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынуучу субъекттерге текшерүү жүргүзөт, анын ичинде алардын финансылык жана чарбалык иштеринин банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкештигин текшерет;

– материалдарды укук коргоо органдарына жиберет жана Финкөзөмөлдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча сотко доо менен кайрылат;

–аудитордук иш, аудиттин стандарттары, сапатты контролдоо стандарттары жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Этика Кодексинин аудиторлор, аудитордук уюмдар жана кесипкөй аудитордук бирикмелер тарабынан сакталышын контролдойт;

– аудиторлорго үзгүлтүксүз кесиптик билим берүүгө мониторинг жүргүзөт;

– аудитордук уюмдардын, кесипкөй аудитордук бирикмелердин отчетторун карайт;

– аудиттин сапатына тышкы контролду жүргүзөт жана анын жыйынтыктарын карайт;

– банктык эмес финансы рыногунун, виртуалдык активдер рыногунун жөнгө салынуучу субъекттери, ачык кызыкчылыктары бар субъекттер, ири ишкердик субъекттери жана орто ишкердик субъекттери берген финансылык отчеттордун жана аудитордук корутундулардын толук жана өз убагында берилишин текшерет.

**Финкөзөмөлдүн ыйгарым укуктары**

Өз функцияларын ишке ашыруу максатында Финкөзөмөл жөнгө салынуучу субъектерге карата төмөнкүлөргө укуктуу:

1) лицензияларды, уруксаттарды берүүгө, кайра тариздөөгө, токтото турууга, токтотууга, жокко чыгаруу үчүн материалдарды сот органдарына жөнөтүүгө;

2) аудиторго кесиптик квалификация ыйгарууга, аудитордун квалификациялык сертификатын жана/же баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын квалификациялык күбөлүгүн, виртуалдык активдердин квалификациялуу инвесторунун квалификациялык күбөлүгүн берүүгө;

3) берилген лицензиялардын жана уруксаттардын реестрлерин жүргүзүүгө;

4) жөнгө салынуучу субъекттерден катышуучулардын/ уюштуруучулардын курамы, уставдык капиталдагы үлүшү жөнүндө маалыматтарды, отчетторду, алардын финансы-экономикалык иши жөнүндө маалыматтарды, иши жөнүндө учурдагы отчетторду жана функцияларын аткаруу максатында башка маалыматтарды суроого жана алууга;

5) жөнгө салынуучу субъекттер тарабынан банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүгө;

6) ишкердик субъекттерди текшерүү тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболорунун сакталышына карата жөнгө салынуучу субъекттерге, анын ичинде алардын финансылык жана чарбалык иштерине текшерүү жүргүзүүгө;

7) жөнгө салынуучу субъекттер тарабынан банктык эмес финансы рыногун, виртуалдык активдер рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптар сакталбаган жана/же бузулган учурда, алар үчүн аткарууга милдеттүү жазма буйрукту жана эскертүүнү жөнөтүүгө, жана башка функцияларга, укуктарга ээ.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштамалардын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-2019-жылдарга жүргүзүлгөн аудитинин жыйынтыктары боюнча 2021-жылдын 31-мартындагы №01-23/79 каты менен жөнөтүлгөн 6 пункуттан турган жазма буйругу толугу менен аткарылган, ал эми, 2021-жылдын 31-мартындагы №01-23/80 каты менен жөнөтүлгөн 13 пункуттан турган сунуштаманын 12 пункуту аткарылган, 1 пункуту: 12-пункуту жарым-жартылай аткарылган.

12-пункут. *Балансга катталган ишке жараксыз абалдагы бааланган баасы 12,0 миң сомду түзгөн "ГАЗ – 3110" үлгүсүндөгү автоунаа маселеси белгиленген тартипте каралсын.* Бул маселе азыркы мезгилге чейин толук каралып бүтө элек.

**Сунуштама**

2018-2019-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдын 31-мартындагы №01-23/80 каты менен жөнөтүлгөн сунуштаманын 12-пункуту аткарылсын, атап айтканда, балансга катталган ишке жараксыз абалдагы бааланган баасы 12,0 миң сомду түзгөн "ГАЗ – 3110" үлгүсүндөгү автоунаа маселесин белгиленген тартипте кароо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Бюджеттик каражаттарды чыгымдоо сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит ("Финкөзөмөл" жалпы)**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы республикалык бюджеттен каржыланат.

2020-жылдын 28110, 28220 ведомстволук классификация боюнча сметанын аткарылышынын отчёту боюнча чыгашалар сметасы республикалык бюджеттен 2020-жылга 24164,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен чыгашалар сметасы 22630,6 миң сом суммасында такталган, каржыланганы жана кассалык чыгымдар 22528,7 миң сомду түздү, факты жүзүндөгү чыгымдар 22711,9 миң сомду түзгөн.

2021-жылдын 28110, 28220 ведомстволук классификация боюнча сметанын аткарылышынын отчёту боюнча чыгашалар сметасы республикалык бюджеттен 2021-жылга 22636,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен чыгашалар сметасы 22624,8 миң сом суммасында такталган, каржыланганы жана кассалык чыгымдар 22613,5 миң сомду түздү, факты жүзүндөгү чыгымдар 22873,9 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 28110, 28220 ведомстволук классификация боюнча сметанын аткарылышынын отчёту боюнча чыгашалар сметасы республикалык бюджеттен 2022-жылга 24106,5 миң сом өлчөмүндө бекитилген, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен чыгашалар сметасы 44414,9 миң сом суммасында такталган, каржыланганы жана кассалык чыгымдар 38302,4 миң сомду түздү, факты жүзүндөгү чыгымдар 38633,9 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын 28110, 28220 ведомстволук классификация боюнча сметанын аткарылышынын отчёту боюнча чыгашалар сметасы республикалык бюджеттен 2023-жылга 25595,5 миң сом өлчөмүндө бекитилген, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен чыгашалар сметасы 77283,9 миң сом суммасында такталган, каржыланганы жана кассалык чыгымдар 48987,5 миң сомду түздү, факты жүзүндөгү чыгымдар 46849,4 миң сомду түзгөн.

## Ишмердүүлүгүн талдоо

***<u>Лицензиялоо-уруксат берүү иши</u>***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы №661 токтому менен бекитилген “Банктык эмес финансылык рынок жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” Убактылуу жобосуна ылайык, Финкөзөмөл тарабынан 19 ишмердүүлүктүн түрүнө лицензия берилет, 1 түр боюнча уруксат кызыктыруу лотереяны өткөрүү укугуна берилет, аудитордук ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга реестрге каттоо (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 29-ноябрындагы №143 “Аудитордук иш чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, аудитордук ишмердүүлүктү лицензиялоо талабы жокко чыгарылган), 6 түр боюнча баалуу кагаздар рыногундагы кесипкөй катышуучуларына квалификациялык күбөлүк берилет, аудитордук квалификациялык сертификат, майнинг ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууга сертификат берилет, 2 түр боюнча кампалык күбөлүктөр берилет, баалуу кагаздарды жана виртуалдык активдердин чыгарылуусуна мамлекеттик каттоо жүргүзөт.

**2020-жылы:**

- 71 лицензия берилген;
- 40 уруксат берилген;
- 6 лицензия кайра жол-жоболоштурулган;
- 18 ломбард филиалдарын ачууга макулдук каты берилген;
- камсыздандыруу уюмдарынын 4 кызмат адамы макулдашылды;
- лицензия тиркемелер менен толукталды - 21 (камсыздандыруу эрежелери 40), колдонуудагы камсыздандыруу Эрежелерине толуктоо өзгөртүү 5);
- берилген-аудитордун 6 квалификациялык сертификаты;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун 5 квалификациялык күбөлүгү берилген.

Лицензияларды, уруксаттарды, квалификациялык күбөлүктөрдү жана баалуу кагаздарды чыгарууну каттоону бергендиги үчүн бюджетке салыктык эмес төлөмдөр 157, 5 миң сомду түздү.

2021-жылда лицензиялык-уруксат берүү көрсөткүчү төмөндөгүдөй:

- 52 лицензия берилген;
- 57 уруксат берилген;
- кайра тариздегелен 4 лицензия берилген;
- берилген-лицензиянын 1 көчүрмөсү;
- берилген-тиркеменин 4 көчүрмөсү;
- токтотулган 2 лицензия;
- Ломбарддардын филиалын (өкүлчүлүгүн) ачууга 27 макулдук каты берилген;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын 11 кызмат адамдары макулдашуудан өткөрүлгөн;
- камсыздандыруу уюмдарынын 2 кызмат адамы макулдашуудан өткөрүлгөн;
- лицензиялар 8 тиркемелер (камсыздандыруунун 8 эрежелери) менен толукталган;
- аудитордун 52 квалификациялык күбөлүгү берилген;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын 29 квалификациялык күбөлүктөрү берилген;

Лицензияларды, уруксаттарды, квалификациялык күбөлүктөрдү жана баалуу кагаздарды чыгарууну каттоону бергендиги үчүн өлкөнүн бюджетине салыктык эмес түшүүлөр 184,2 миң сомду түзгөн.

**2022-жылы:**

2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде лицензиялык-уруксат берүү көрсөткүчү төмөндөгүдөй:

- 73 лицензия берилген;
- 53 уруксат берилген;
- кайра тариздегелен 11 лицензия;
- берилген-лицензиянын 1 дубликаты;
- токтотулган 6 лицензия;
- берилген 18 ломбарддардын 61 филиалын (өкүлчүлүгүн) ачууга макулдук кат;
- макулдашылды - баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун 5 кызмат адамы;
- камсыздандыруу уюмдарынын 9 кызмат адамы макулдашылды;
- лицензиянын тиркемелери менен толукталды – 21 (камсыздандыруу эрежелери 43);
- аудитордун - 16 квалификациялык сертификаттары берилген;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун 56 квалификациялык күбөлүгү берилген;
- 6 жөнөкөй кампа күбөлүгү берилген;
- 6 кош кампа күбөлүгү берилген.

Лицензияларды, уруксаттарды, квалификациялык күбөлүктөрдү жана баалуу кагаздарды чыгарууга каттоону бергендиги үчүн өлкөнүн бюджетине салыктык эмес түшүүлөр 21 225,0 миң сомду түздү.

2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде лицензиялык-уруксат берүү жаатындагы мыйзамдардын талаптарына берилген документтердин шайкеш келишине жүргүзүлгөн экспертизалардын жыйынтыктарынын негизинде:

- 105 лицензия берилген;
- 61 уруксат берилген;
- майнинг иштерин жүзөгө ашырууга 2 сертификат берилген;
- ломбарддардын 104 филиалын (өкүлчүлүгүн) ачууга 19 макулдук каты берилген;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучуларынын 70 квалификациялык күбөлүгү алмаштырылган;
- 2 жөнөкөй кампа күбөлүктөрү берилген;
- 2 кош кампа күбөлүктөрү берилген;
- Камсыздандыруу уюмдарынын 9 кызмат адамы;
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун 3 кызмат адамы; лицензиянын тиркемелери менен толукталды – 12 (камсыздандыруу эрежелери 34);
- баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун 3 квалификациялык күбөлүгү алмаштырылды;
- 182 лицензия токтотулган;
- аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестринде каттоо жүргүзүлгөн:
– 167 аудитор;
- 23 аудитордук уюм;
– 4 кесиптик аудитордук бирикмелер;
- Коомдук кызыкчылыктын субъекттеринин, ири ишкердик субъекттеринин аудитине жол берилген - 29 аудитордук уюм.

2023-жылы лицензияларды, уруксаттарды, квалификациялык күбөлүктөрдү жана баалуу кагаздарды чыгарууга каттоону бергендиги үчүн бюджетке салыктык эмес төлөмдөрдөн түшүүлөр 189 606,2 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын көрсөткүчү 2022-жылга салыштырмалуу (21 225,0 миң сом) 89,3 % өсүшү эки букмекердик конторага лицензия жана казинонун ишин жүргүзүү үчүн 2 лицензия берүү (168 000,0 миң сом), 2 букмекер кеңсе (21 000,0 миң сом) менен түшүндүрүлөт.

2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейин финансы рыногунун субъекттерине карата жалпысынан 35 000 сом административдик айып пулдар салынган. 2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейин финансы рыногунун субъекттерине карата жалпысынан 70 000 сом административдик айып пулдар салынган. 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 30-декабрына чейин финансы

рыногунун субъекттерине карата жалпысынан 357 000 сом административдик айып пулдар салынган. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин финансы рыногунун субъекттерине карата жалпысынан 1 231 000 сом административдик айып пулдар салынган.

*Банктык эмес финансы рыногунун субъекттерин көзөмөлдө, текшерүүлөрдү жана контроль жүргүзүү*

2020-жылы пандемия убагында текшерүүлөр жүргүзүлгөн эмес, себеби, администрациялык жазалар (айыптар) салынган эмес. Анткени, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы №586 1-пунктуна ылайык "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий киргизүү) жөнүндө" токтомуна ылайык, 2019-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 1-январына чейин айрым категорияларды кошпогондо, Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү ишкердиктин субъекттерин текшерүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 2-декабрындагы №590 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы № 586 "Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому менен, ишкердик субъекттерин текшерүүгө тыюу салуу (мораторий) 2022-жылдын 1-январына чейин узартылып, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын Банктык эмес финансылык рынок чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын бузуу фактылары боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча пландан тышкаркы текшерүүлөр жүргүзүлүшү мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Жогоруда аталган токтомго ылайык, Финансылык көзөмөл 2021-жылы банктык эмес финансылык рыноктун субъекттеринин ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келүүсүнө пландуу текшерүүлөрдү жүргүзгөн эмес.

Финансылык көзөмөл тарабынан 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча банктык эмес финансылык рыноктун субъекттерине пландан тышкаркы 19-текшерүү жана контролдоо ишин жүргүзүлгөндүн жыйынтыгы менен жалпысы 55 жазма буйруктарын жөнөткөн, 301,0 миң сомго 13 административдик айып салынган, анын ичинде Банктык эмес финансы рыногунун көзөмөлдөө бөлүмү тарабынан 231,0 миң сом өлчөмүндө 11 административдик айып салынган, Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү 70,0 миң сом өлчөмүндө 2 административдик айып салган. Айып пулдар 100 % өлчөмүндө толугу менен өндүрүлгөн.

2022-жылы Финкөзөмөл тарабынан жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча финансы рыногунун субъекттерине жалпы 53 пландык текшерүү (Борбордук аппарат 22 текшерүү/Түштүк аймактык башкармалыгы 31 текшерүү), 15 пландан тышкаркы текшерүүлөр жүргүзүлгөн (Борбордук

аппарат 9 текшерүү/Түштүк аймактык башкармалык 6 текшерүү) жана контролдоо ишин жүргүзүлгөндүн жыйынтыгы менен жалпысы 60 жазма буйруктарын жөнөткөн (Борбордук аппарат 52 жазма буйрук/Түштүк аймактык башкармалык 8 жазма буйрук), 1 696,0 миң сомго 75 административдик айып салынган, анын ичинде Банктык эмес финансы рыногунун көзөмөлдөө бөлүмү 1115,0 миң сом өлчөмүндө 47 административдик айып салган, анын ичинде 975,0 миң сом өндүрүлгөн, айрымасы 140,0 миң сом өлчөмүндө 5 административдик айып Сот аткаруучуларга жөнөтүлгөн, Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү тарабынан 357,0 миң сомдук 11 административдик айып, Түштүк аймактык башкармалыгы 224,0 миң сом өлчөмүндө 17 административдик айып салынган. Жалпы салынган административдик айып пулдар өндүрүлгөнү 1 556,0 миң сомду же 92 %ды түзгөн.

2023-жылы Финкөзөмөл тарабынан жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча финансы рыногунун субъекттерине жалпысы 23 пландан тышкаркы текшерүү (Борбордук аппарат 15 текшерүү/Түштүк аймактык башкармалык 8 текшерүү) жана контролдоо ишин жүргүзүлгөндүн жыйынтыгы менен жалпысы 3 932,0 миң сомго 161 административдик айып салынган, анын ичинде Банктык эмес финансы рыногунун көзөмөлдө бөлүмү 2 347,0 миң сомго 104 административдик айып салынган (2 190,5 миң сом өндүрүлгөн, айрымасы 69,0 миң сомго 3 административдик айып сот аткаруучуларга жөнөтүлгөн), Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү 1 231,0 миң сомго 36 административдик айып, Түштүк аймактык башкармалыгы 354,0 миң сомго 21 административдик айып салынган (298,0 миң сом өндүрүлгөн айрымасы 56,0 миң сомго 2 административдик айып 2024-жылы Сот аткаруучуларга жөнөтүлгөн). Жалпы салынган административдик айып пулдардын ичинен өндүрүлгөнү 3 724,0 миң сом 95,0 %ды түзгөн.

## ***Баалуу кагаздар рыногу***

### ***Баалуу кагаздардын эмиссияларын каттоо***

2020-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын эмитенттери тарабынан жалпысынан 3 163 баалуу кагаздардын эмиссиясы катталган. Эмиссиянын жалпы көлөмү 416 039,8 млн сомду түздү, анын ичинен: 411 259,6 млн сом суммасында акциялар, 4092,6 млн сом суммасында облигациялар, 101,0 млн сом суммасында инвестициялык үлүштөр, 186,6 млн сом турак жай сертификаттары жана 400 млн сом ипотекалык сертификаттар. 2020-жылы 10 042,7 млн сом 38 баалуу кагаздардын эмиссиясы катталган.

2021-жылдын 31-декабрына карата Баалуу кагаздардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде Кыргыз Республикасынын эмитенттеринин баалуу кагаздарынын жалпысынан 3 225 чыгарылышы катталды. Эмиссиянын жалпы көлөмү 432 854,48 млн сом түздү, анын ичинен: 427 494,26 млн сом суммасында акциялар, 4 672,62 млн сом суммасында облигациялар, 101,0 млн сом суммасында инвестициялык үлүштөр, 186,6 млн сом турак жай сертификаттары жана 400,0 млн сом ипотекалык сертификаттар. 2021-жылы 16 814,6 млн сом баалуу кагаздардын 62 чыгарылышы катталган.

2022-жылдын 31-декабрына карата Баалуу кагаздардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде Кыргыз Республикасынын эмитенттеринин баалуу кагаздарынын жалпысынан 3325 чыгарылыштары катталган. Эмиссиянын жалпы көлөмү 463 115,4 млн сомду түздү, анын ичинен: 457 463,2 млн сом суммасында акциялар, 4 864,6 млн сом суммасында облигациялар, 201,0 млн сом суммасында инвестициялык үлүштөр, 186,6 млн сом турак жай сертификаттары жана 400,0 млн сом ипотекалык сертификаттар. 2022-жылы 30 260,9 млн сом суммасында 100 баалуу кагаздардын эмиссиясы катталган.

2023-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасындагы баалуу кагаздардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде Кыргыз Республикасынын эмитенттеринин баалуу кагаздарынын 3500 гана чыгарылышы катталган. Эмиссиянын жалпы көлөмү 670 473,5 млн сомду түздү, анын ичинде: 533 650,3 млн сом суммасындагы акциялар, 8 585,6 млн сом суммасында облигациялар, үлүштүк катышуунун ислам сертификаттары (Сукук аль Вакала Би Аль Иститмар жана Сукук аль Мудараба) 19 450,0 млн сом суммасында, инвестициялык үлүштөр 108 201,0 млн сом, турак жай сертификаттары 186,6 млн сом жана ипотекалык сертификаттар 400,0 млн сом.

2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде 207 358,1 млн сом суммасында 175 баалуу кагаздардын эмиссиясы катталган.

***<u>Ломбарддын иши</u>***

| | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** |
|---|---|---|---|---|
| **Ломбарддын саны** | 352 | 385 | 417 | 424 |

Ломбарддардын негизги бөлүгү Бишкек шаарында, региондор боюнча ломбарддардын көбү Ысык-Көл жана Чүй облустарында жана Ош шаарында, эң азы Баткен облусунда жайгашкан.

| Бишкек ш. | Ош ш. | Баткен обл. | Жалал-Абад обл. | Ысык-Көл обл. | Нарын обл. | Ош обл. | Талас обл. | Чүй обл. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 40 % | 12 % | 1 % | 8 % | 11 % | 5 % | 7 % | 5 % | 11 % |

***<u>Аудитордук иши</u>***

Учурда Кыргыз Республикасынын Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын, Кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик реестрлеринде төмөнкүлөр катталган:

- 23 аудитордук уюм;
- 29 аудитордук уюмга коомдук кызыкчылык туудурган субъекттерге аудит жүргүзүүгө уруксат берилген;
- 4 профессионалдуу аудитордук бирикмелер;
- 167 аудитор.

**<u>Укук-ченемдик актылардын сакталышына аудит</u>**

**Аныкталды**

**Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматында** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 661 токтому менен бекитилген, “Банктык эмес финансылык рынок жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” Убактылуу жобонун 74-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы арыз бардык зарыл болгон документтер менен бирге берилген күндөн тартып отуз календардык күндөн кечиктирбей лицензия, уруксат берүү жөнүндө же берүүдөн баш тартуу тууралуу чечимди кабыл алат.

Бирок, 2021-жылдын 4-ноябрында Финкөзөмөлдүн Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмүнө “Кондитердик үй “Куликовский” жоопкерчилиги чектелген коому кызыктыруучу лотереясын өткөрүү укугуна уруксат алуу үчүн арыз (документтер) менен кайрылган. Финкөзөмөл тарабынан 2021-жылдын 6-декабрында 3 күн кечиктирүү менен уруксат берилген.

2023-жылдын 27-февралында жеке ишкер Д.А. Казакбаев тарабынан кызыктыруучу лотереясын өткөрүү укугуна уруксат алуу үчүн арыз (документтер) менен кайрылган. Бирок, Финкөзөмөл тарабынан 2023-жылдын 31-мартында уруксат берилген, уруксат 2 күнгө кечиктирүү менен берилген. 2023-жылдын 9-октябрынанда “Азия Кэпитал” жоопкерчилиги чектелген коом виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин жүзөгө ашырууга лицензия алуу үчүн арыз (документтер) менен кайрылган. Финкөзөмөл тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрында 6 күнгө кечиктирүү менен лицензия берилген.

**Корутунду**

Финкөзөмөл тарабынан лицензия жана уруксат берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы №661 токтому менен бекитилген, “Банктык эмес финансылык рынок жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” Убактылуу жобонун 74-пунктунда арыз/документтерди кабыл алган күндөн баштап чечим чыгаруу, берилген отуз календардык күндөн кечиктирүү учурлары бар.

**Сунуштама**

Лицензия жана (же) уруксат берүү же аларды берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген, “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” Жобонун 4-главасынын 15-пунктунда көрсөтүлгөн ченемдер так аткарылсын.

**Аныкталды**

2022-жылда Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен макулдашып, 22 пландуу текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Бирок, 2007-жылдын 25-майындагы №72 “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

2018-жылдын 29-январындагы №56 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 3-пунктуна ылайык, пландуу текшерүүлөр Стратегиялык пландардын негизинде түзүлүүчү текшерүүлөр планына ылайык жүргүзүлгөн эмес, б.а. Стратегиялык планы жок пландуу текшерүүлөр түзүлүп, ишке ашырылган.

**Корутунду**

2022-жылдын пландуу текшерүүлөрүн 2007-жылдын 25-майындагы №72 “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренеси жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы №56 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 3-пункту бузулуп, Пландуу текшерүүлөр Стратегиялык пландардын негизинде түзүлүүчү текшерүүлөр планына ылайык жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Пландуу текшерүүлөрдү түзүүдө, пландоодо 2007-жылдын 25-майындагы №72 “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы №56 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 3-пунктунун ченемдери аткарылсын. Мыйзам бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын 2020-2023-жылдардагы ишмердүүлүгү боюнча отчет менен айып салынган суммалардын төмөндөгүдөй айырмачылыктары бар. 2020-жылдын отчетунда административдик айып жок деп көрсөтүлгөн, иш жүзүндө Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү тарабынан 35,0 миң сомго 1 административдик айып салынганы аныкталды, жылдык отчет менен айырмасы 35,0 миң сомду түздү.

2021-жылдын отчетунда 231,0 миң сом административдик айып салынган деп көрсөтүлгөн, иш жүзүндө Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү 70,0 миң сомго 2 административдик айып салган. Иш жүзүндө жалпы суммасы 301,0 мин сомго 13 административдик айып салынганы аныкталды, жылдык отчет менен айырмасы 70,0 миң сомду түздү (231,0-301,0).

2022-жылдын отчетунда 1 699,0 миң сом административдик айып салынган деп көрсөтүлгөн, иш жүзүндө Банктык эмес финансы рыногунун көзөмөлдөө бөлүмү 1 115,0 миң сомго 64 административдик айып, Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү 357,0 миң сомго 11 административдик айып, Түштүк аймактык башкармалыгы 224,5 миң сомго 17 административдик айып салгандыктары аныкталды. Иш жүзүндө жалпы суммасы 1696,5 миң сомдук

административдик айып салынганы аныкталды, жылдык отчет менен айырмасы 2,5 миң сомду түздү (1 699,0-1 696,5).

2023-жылдын отчетунда 4 171,5 миң сомго административдик айып салынган деп көрсөтүлгөн, иш жүзүндө Банктык эмес финансы рыногунун көзөмөлдө бөлүмү 2 347,0 миң сомго 104 административдик айып, Лицензиялоо уруксат берүү иши бөлүмү 1 231,0 миң сомго 36 административдик айып, Түштүк аймактык башкармалыгы 354,0 миң сомго 21 административдик айып салгандыктары аныкталды. Иш жүзүндө жалпы суммасы 3 932,0 миң сомдук административдик айып салынганы аныкталды, жылдык отчет менен айырмасы 239,5 мин сомду түздү (4 171,5-3932,0).

Жалпысы, 2020-2023-жылдардын административдик айып салуулар боюнча жылдык отчеттордо көрсөтүлгөн суммалар менен иш жүзүндө административдик айып салуулардын суммалары 347,0 миң сомго айырманы түздү.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын 2020-2023-жылдардагы ишмердүүлүгү боюнча отчетторунда көрсөтүлгөн административдик айып салынган суммалар менен иш жүзүндө административдик айып салынган суммалардын томөндөгүдөй айырмачылыктары чыкты: 2020-жылга 35,0 миң сомго, 2021-жылга 70,0 миң сомго, 2022-жылга 2,5 миң сомго, 2023-жылга 239,5 миң сомго, жалпысы 347,0 миң сом. Жыйынтыгында, Финкөзөмөлдүн 2020-2023-жылдарда административдик айып салуулар боюнча жылдык отчеттордо көрсөтүлгөн суммалар менен иш жүзүндө административдик айып салуулардын суммалары туура келбейт. Ошол себептүү, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин жылдык отчеттору административдик айып салуулар боюнча туура эмес түзүлгөн.

**Сунуштама**

Жылдык ишмердүүлүк боюнча отчет түзүүдө, ар бир отчет даярдоочу бөлүмдөр тарабынан административдик айып салуулар боюнча айырмачылыктарга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана ишмердүүлүк боюнча отчет түзүү жөнүндө тартиби же нускамасы иштелип чыгылсын.

**Аныкталды**

2022-2023-жылдарда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пунктун бузуу менен, иш сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн 42,6 миң сом суммасында компенсациялар төлөнгөн.

**Корутунду**

Эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пункутун бузуу менен, 2022-2023-жылдарда иш сапарда жүргөн кызматкерлерге негизсиз 42,6 миң сом суммасында транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсациялар төлөнгөн. 2024-жылдын 6-августундагы №218 төлөм тапшырмасы менен республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө 42 626,55 сом которулду.

**Сунуштама**

Кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсацияларды төлөө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пунктунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 659 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы жөнүндө” Жобонун 11-пункту, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-апрелиндеги №128 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы жөнүндө” Жобонун 14-пунктунун 24-пунктчасына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө” Жобонун 14-пунктунун 24-пунктчасына ылайык, Финкөзөмөл өз милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруу максатында жалдоонун мөөнөттөрү жана шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген көз карандысыз эксперттерди акы төлөө менен тартууга укуктуу.

Жогоруда көрсөтүлгөн жоболордун ченемдеринин негизинде 2020-жылда 10 эксперт келишимдин негизинде жумушка алынып, аларга жалпысы 420,0 миң сом эмгек акы төлөнгөн. 2021-жылда 15 эксперт келишимдин негизинде жумушка алынып, аларга жалпысы 681,5 миң сом эмгек акы төлөнгөн. 2022-жылда 8 эксперт келишимдин негизинде жумушка алынып, аларга жалпысы 568,4 миң сом эмгек акы төлөнгөн. 2023-жылда 2 эксперт келишимдин негизинде жумушка алынып, аларга жалпысы 153,8 миң сом эмгек акы төлөнгөн.

Аудит мезгили аралыгында көз карандысыз эксперттердин эмгек акысына жалпысынан үнөмдөөнүн эсебинен 1 823,7 миң сом төлөнгөн (эмгек акы адистердин кызматтык маянасынын деңгээлинде белгиленген).

Жалданган эксперттердин билим деңгээлин, тажрыйбасын, квалификациясын тастыктаган документтери жок болгондугуна байланыштуу, аудитке көрсөтө алышкан жок, себеби, Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмүнүн жетекчиси А. Чорчонов, башкы адиси Г. Ниязалиева тарабынан эксперттерди жумушка кабыл алууда, эмгек келишимин түзүүдө эксперттердин паспортунан башка төмөнкү документтер талап кылынып, алынган эмес: эмгек китепчеси, социалдык коргоо күбөлүгү, билими жөнүндө (адистиги, квалификациясы) документтери, б.а. эксперттерден паспорттордун көчүрмөлөрүнөн башка документтер алынган эмес.

**Корутунду**

2020-2023-жылдар аралыгында көз карандысыз эксперттерди кызматка алууда, Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмүнүн жетекчиси А. Чорчонов, башкы адиси Г. Ниязалиева кызматтык милдеттерин аткарууда, 2020-жылдын 24-июлундагы №136-п буйругу менен бекитилген, "Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмдүн жобосунда" көрсөтүлгөн негизги функцияларынын бири болгон "кызматкерлердин өздүк көктөмөлөрүн түзүү жана жүргүзүү" кызматтык милдеттерин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 64-беренесинин ченемдерин аткарбастан, жалданган эксперттердин билим деңгээлин, тажрыйбасын, квалификациясын тастыктаган документтерди талап кылышкан эмес, эксперттерди жумушка кабыл алганда паспортордун көчүрмөлөрүнөн башка: эмгек китепчеси, социалдык коргоо күбөлүгү, билими жөнүндө (адистиги, квалификациясы) документтери талап кылынып, алынган эмес, документтердин көчүрмөлөрү менен кызматка алынган эксперттерге (кызматкерлерге) өздүк көктөмөлөр түзүлүп, жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмүнүн жетекчиси А. Чорчонов, башкы адиси Г. Ниязалиева кызматтык милдеттерин аткарууда, 2020-жылдын 24-июлундагы №136-п буйругу менен бекитилген, "Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмдүн жобосунда" көрсөтүлгөн негизги функцияларынын бири болгон "кызматкерлердин өздүк көктөмөлөрүн түзүү жана жүргүзүү" кызматтык милдеттерин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 64-беренесинин ченемдерин аткарбагандыктары үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн. Ошондой эле, көз карандысыз эксперттерди акы төлөө менен тартуу боюнча квалификациялык талаптары, жеке сапаттары конкреттүү көрсөтүлгөн тартиби иштелип чыгылсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинен берилген эмгекке жарамсыздыгы тууралуу баракчасында Финкөзөмөлдүн башкы эсепчиси К.А. Бакеева 2022-жылдын 1-августунан тартып 12-августуна чейин амбулатордук дарылануудa болгон, август айынын жумуш убактысын эсепке алуу табелинде К.А. Бакеева оорулуу деп көрсөтүлгөн.

Финкөзөмөлдүн төрагасы У.К. Сарбановдун, Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмүнүн башчысы А. Чорчонов жана Укуктук камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысынын м.а. Ч. Абдыкеримов менен макулдашылган 2022-жылдын 2-августундагы №62-л буйругуна ылайык, Н.Б. Мамыралиева 2022-жылдын 2-августунан тартып башкы эсепчи болуп дайындалган.

**Корутунду**

Финкөзөмөлдүн мурдагы төрагасы У.К. Сарбанов 2022-жылдын 2-августундагы №62-л буйругу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө" жобонун 17-пункутун бузуп, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги бекиткен 55 штаттык бирдик ырааттаманы 1 штаттык бирдикке көбөйтүү менен, Финкөзөмөлдө эки башкы эсепчинин иштөөсүнө жана эмгек акы төлөнүшүнө негизсиз шарт түзгөн. Ошондой эле, Финкөзөмөлдүн Уюштуруу жана кадрдык иштер боюнча бөлүмүнүн башчысы А. Чорчонов жана Укуктук камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысынын м.а. Ч. Абдыкеримов 2022-жылдын 2-августундагы №62-л буйругуна макулдук берүү менен, мыйзам бузууга жол берилген жана жыйынтыгында башкы эсепчи Н.Б. Мамыралиевага 28,7 миң сом негизсиз эмгек акы төлөнгөн. Эмгек акыга негизсиз төлөнгөн 28,7 миң сомдук сумма 2024-жылдын 6-августундагы № 420100021 накталай төлөмгө берилген квитанциясы аркылуу республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө төлөндү.

**Сунуштама**

Финкөзөмөлдүн борбордук аппаратынын түзүмүн жана штаттык ырааттамасын түзүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө" жобонун 17-пункутуна ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

2020-жылда жетектөөчү адис Р.А. Арыков, башкы адис Ж. Жунусов, адис А.Ж. Кадыралиев чет өлкөгө иш сапарларына барышкан. 2022-жылда бөлүм башчысы Д. Бегалиев чет өлкөгө иш сапарына барган. 2023-жылда бөлүм башчылар Т.К. Камчыбекова, Д. Бегалиев, башкы адис Э.К. Айсаракунов, башкы адис Ч.А. Ахметова чет өлкөгө иш сапарына барышкан.

Чет өлкөгө иш сапарына барышкан кызматкерлер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 "Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 2-пункутунун 2-абзацына

ылайык, жети жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө иш сапардын жыйынтыктары жөнүндө кыскача отчетту өздөрүнүн тиешелүү жетекчилерине беришкен эмес.

**Корутунду**

Финкөзөмөлдүн жетектөөчү адиси Р.А. Арыков, адиси А.Ж. Кадыралиев, башкы адистер Ж. Жунусов, Э.К. Айсаракунов, Ч.А. Ахметова, бөлүм башчылары Т.К. Камчыбекова, Д. Бегалиевдер чет өлкөгө иш сапарларына барып келишип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 “Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөгө иш сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 2-пункутунун 2-абзацына ылайык, жети жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө сапарлардын жыйынтыктары жөнүндө кыскача отчетту өздөрүнүн тиешелүү жетекчилерине беришкен эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 “Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 2-пункутунун 2-абзацынын талаптары аткарылсын.

**Аныкталды**

Ижара мамилелер келишимдин жана берилген эсеп-фактуралары негизинде жүргүзүлгөн.

2020-жылдын 8-январындагы №3 “Коммуналдык тейлөө жана имараттын чыгымдары жөнүндөгү” келишимдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы тарабынан Финкөзөмөлгө Бишкек шаарынын Чүй проспектиси 114-дарегинде жайгашкан имараттан жалпысы 923,51 ч.м. аянтчасын түзгөн бөлмөлөр кеңсе максатында пайдаланууга берилген.

Келишимдин жалпы төлөмү кошумча нарк салыгы, сатуу салыгы менен 2 538,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде 279,4 миң сом оңдоо-курулуш чыгашалары.

2020-жылдын 25-декабрындагы №3 “Коммуналдык тейлөө жана имараттын чыгымдары жөнүндөгү” келишимдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы тарабынан Финкөзөмөлгө Бишкек шаарынын Чүй проспектиси 114-дарегинде жайгашкан имараттан жалпысы 1065,50 ч.м. аянтчасын түзгөн бөлмөлөр кеңсе максатында пайдаланууга берилген.

Келишимдин жалпы төлөмү кошумча нарк салыгы, сатык салыгы менен 2 914,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде 302,1 миң сом оңдоо-курулуш чыгашалары.

2022-жылдын 21-февралындагы №10 “Коммуналдык тейлөө жана имараттын чыгымдары жөнүндөгү” келишимдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы тарабынан Финкөзөмөлгө Бишкек шаарынын Чүй проспектиси 114-дарегинде жайгашкан имараттан жалпысы 1033,3 ч.м. аянтчасын түзгөн бөлмөлөр кеңсе максатында пайдаланууга берилген.

Келишимдин жалпы төлөмү кошумча нарк салыгы, сатуу салыгы менен 3241,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде 234,4 миң сом оңдоо-курулуш чыгашалары.

2023-жылдын 23-мартындагы №8 “Коммуналдык тейлөө жана имараттын чыгымдары жөнүндөгү” келишимдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы тарабынан Финкөзөмөлгө Бишкек шаарынын Чүй проспектиси 114-дарегинде жайгашкан имараттан жалпысы 1033,50 ч.м. аянтчасын түзгөн бөлмөлөр кеңсе максатында пайдаланууга берилген.

Келишимдин жалпы төлөмү кошумча нарк салыгы, сатуу салыгы менен 4 515,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде 234,4 миң сом оңдоо-курулуш чыгашалары.

Жалпысы 2020-2023-жылдар аралыгында Финкөзөмөл тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасына оңдоо-курулуш чыгашаларына 1 050,3 миң сом төлөнгөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы эч кандай оңдоо-курулуш иштерин жүргүзгөн эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы 2020-2023-жылдары түзүлгөн келишимдердин ченемдерин аткарбастан, Финкөзөмөл ээлеген кеңселерге оңдоо-курулуш иштерине 1 050,3 миң сом төлөнгөн деп көрсөтүлгөн чыгашалары болгон, бирок эч кандай жумуштарды жүргүзгөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын “Мамлекеттик имараттар департаменти” Мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишимдерде каралган оңдоо-курулуш иштеринин аткарылышы боюнча иштер жүргүзүлсүн же болбосо ага чыгымдалган акча каражатын кайра республикалык бюджетке кайтаруу боюнча талап коюлсун.

**Аныкталды**

Финкөзөмөлдүн Түштүк аймактык башкармалыгынын жетектөөчү адиси Ч. Кадырова 2020-жылдын 18-декабрында 2215 “Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренесинин эсебинен 8,0 миң сом,

2020-жылдын 30-декабрында 4,6 миң сом накталай акча каражаттары банктык эсептен алынып, кассага 2020-жылдын 30-декабрында кириштелген, б.а. 2020-жылдын 18-декабрында 2215 “Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренесинин эсебинен 8,0 миң сом 9 жумушчу күнүнөн кийин кириштелген.

**Корутунду**

Финкөзөмөлдүн Түштүк аймактык башкармалыгынын жетектөөчү адиси Ч. Кадырова Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибин бузуу менен, банктан накталай алган акча каражатын 8,0 миң сомду кассага өз убагында кириштеген эмес.

**Сунуштама**

Кассалык операциялар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин ченемдери менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Түштүк аймактык башкармалыгынын жетектөөчү адиси Ч. Кадырова тарабынан 2021-жылдын 2-декабрында 2211 “Эмгек акы” беренесинин эсебинен 1 % профсоюздук төлөм деп 8 855 сом накталай акча каражаты банктык эсептен алынып, кассага кириштелген.

2021-жылдын 31-декабрындагы №1 чыгаша ордери менен 8 855 сом чыгышталган, бирок чыгыштоо ордерде накталай акчаны алуучунун аты- жөнү, кол тамгасы жок, ошондой эле башкармалыктын жетекчиси О. Акимбаевдин дагы кол тамгасы жок.

**Корутунду**

Түштүк аймактык башкармалыгынын жетектөөчү адиси Ч. Кадырова тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” тартибин бузуу менен, банктан накталай алган 8 855 сом акча каражат кассага кириштелип, бирок тастыктоочу документи жок чыгышталып, кассага 8 855 сомдук акча каражаты жетишпестик келтирилген. Түштүк аймактык башкармалыгы тарабынан 8855 сомдук акча каражаты 2024-жылдын 12-июлундагу накталай төлөмгө №266500084 билдирүүсү боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулду.

**Сунуштама**

Түштүк аймактык башкармалыгы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” тартиби сакталсын.

**Аныкталды**

Түштүк аймактык башкармалыгынын балансында 1 даана ГАЗ - 3110 маркасындагы автоунаа турганына карабастан, Финкөзөмөлдүн 2022-жылдын 20-апрелиндеги №120-п буйругунун негизинде Финкөзөмөлдүн борбордук аппаратынын балансында турган Мерседес-Бенц С 180 техникалык жактан бузук транспорттук каражаты Түштүк аймактык башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилген, жыйынтыгында баланста 2 даана техникалык жактан бузук транспорттук каражат баланста турат.

**Корутунду**

Финкөзөмөлдүн 2022-жылдын 20-апрелиндеги №120-п буйругунун негизинде Финкөзөмөлдүн борбордук аппаратынын балансында турган Мерседес-Бенц С 180 техникалык жактан бузук транспорттук каражаты Түштүк аймактык башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилген, жыйынтыгында баланста 2 даана техникалык транспорттук каражат болуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндкги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 2-пунктунун 2-тиркемеси бузулуп, лимиттен ашык 1 даана транспорттук каражат баланста турат.

**Сунуштама**

Түштүк аймактык башкармалыгында тейлөө үчүн нөөмөттүк жеңил автотранспорттун саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 2-пунктунун 2-тиркемесине ылайык келтирилсин.

**Аныкталды**

2021-жылдын 2-декабрындагы №15 келишимге ылайык, Түштүк аймактык башкармалыгы тарабынан жеке ишкер М. Сагынбаевадан 12 500 сомго 50 даана “Ардак грамота” буклет, 2 500 сомго 50 даана Грамота сатып алынган.

Андан соң, сатып алынган “Ардак грамота” буклет, грамоталар, Түштүк аймактык башкармалыктын атынан көзөмөлдөгү субъекттердин жетекчилерине жана башкаларга сыйлык катары тапшырылган.

Түштүк аймактык башкармалыктын Жобосунда сыйлык берүү жөнүндө Башкармалыктын укугу көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду**

Түштүк аймактык башкармалыктын Жобосунда сыйлык берүү укук көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан, мурдагы жетекчиси О. Акимбаев тарабынан ар кандай чарбалык мекемелерге сыйлыктарды берүү менен бюджеттин эсебинен негизсиз 15,0 миң сом чыгыштаган. Түштүк аймактык башкармалыгы

тарабынан 15,0 миң сомдук акча каражаты 2024-жылдын 12-июлундагу накталай төлөмгө берилген №266500134 квитанциясы боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулду.

**Сунуштама**

Мындан ары, Түштүк аймактык башкармалыктын жобосунда көрсөтүлбөгөн сыйлыктарды берүүгө жол берилбесин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **У.А. Жумагулов**